**Изденүүчү** Джапарова Замира Бердибековнанын «Жалпы билим берүү уюмдарынын педагогдорунун инклюзивдик компетенттүүлүгүн калыптандыруудагы педагогикалык шарттар» деген темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **диссертациялык ишине карата расмий оппоненттин**

**ПИКИРИ**

**Изилдөө үчүн тандалып алынган теманын актуалдуулугу.** Кыргыз Республикасындагы билим берүү мейкиндигинде инклюзивдик билим берүү системасын киргизүү маселелери активдүү талкууга алынууда. Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясын ишке ашыруу максатында «2019-2023–жылдарга Инклюзивдик билим берүүнү өнүктүрүү Концепциясынын» кабыл алынышын, дүйнөлүк масштабда актуалдуу болгон билим берүүдөгү саясаттын мекенибизде өнүгүшүнүн бир олуттуу этабы десек болот. Билим алуудагы атайын муктаждыктары бар балдардын атайын мектептерден жалпы билим берүү системасына кошулушу, биздин мамлекетте билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу стратегиялык милдет катары каралган. Инклюзивдик билим берүүнүн өнүгүшү учурда республикадагы мугалимдердин жалпы педагогикалык квалификациясын жогорулатуу, инклюзивдик маданиятын өнүктүрүү, алардын даярдыгын калыптандыруу маселелерин чечүүнү талап кылат. Андыктан окуу материалынын мазмунун ылайыкташтыруу маселелери, жекече окуу пландарын жана программаларын иштеп чыгуу, көп деңгээлдүү жана дифференцияланган билим берүү технологияларын модификациялоо, таанып-билүү иш-аракеттерин баалоонун вариативдүү системаларын түзүү жана билим берүү чөйрөсүн ылайыкташтыруу, күн тартибине коюлган.

Ошол себептен инклюзивдик билим берүү процессин педагогикалык аспектиден талдап көрсөтүү негизги проблемалардын бири. бул багыттан алганда З.Б. Джапарованын «Жалпы билим берүү уюмдарынын педагогдорунун



И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 369 «14» 09 2021 ж/г

инклюзивдик компетенттүүлүгүн калыптандыруудагы педагогикалык шарттар» деген аталышта диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугу талаш туудурбайт.

**Илимий жоболордун, жыйынтыктардын жана сунуштардын негизделиш даражасы** катары диссертант тарабынан негизги деп эсептелинген жоболор сунушталган:

1. Кыргыз Республикасында жана чет өлкөлөрдө инклюзивдик билим берүүнүн өнүгүү этаптарын салыштырып талдоо менен педагогдордун инклюзивдик компетенттүүлүгүнүн маңызы, түзүлүшү жана жумушчу аныктамасы:«Инклюзивдик компетенттүүлүк – билим алууда атайын муктаждыктары бар балдар менен иштөөгө даярдыкты камсыз кылуучу билимдер, билгичтиктер, көндүмдөр, кесипкөй-инсандык сапаттар, практикалык ишмердүүлүктүн тажрыйбаларын жемиштүү өздөштүрүү жана кесипкөй маселелерди чече алуу жөндөмдүүлүгү».

2. Максаттык, мазмундук-процесстик, **баалоо-натыйжалык** өз ара байланышкан компоненттерден турган, педагогикалык принциптергежана үзгүлтүксүз насаатчылык процесси, биргелешкен ишмердүүлүк аркылуу консилиум түзүү, педагогикалык портфолио түзүү педагогикалык шарттарына таянган, жогорку, орто, төмөнкү деңгээлинаныктаганжалпы билим берүү уюмдарынын педагогдорунун инклюзивдик компетенттүүлүгүн калыптандыруудагы педагогикалык модели.

3. Жалпы билим берүү уюмдарынын педагогдорунун инклюзивдик компетенттүүлүгүн калыптандыруу максатында иштелип чыккан педагогикалык шарттардын натыйжалуулугун тастыктаган педагогикалык эксперименттин жыйынтыктарынын позитивдүү тенденциясы.

Биринчи бап **«Инклюзивдик билим берүү процессинин теориялык негиздери»** деп аталып, анда изилдөөнүн теориялык базасы аныкталган. Мында инклюзивдик берүүнүн өнүгүү тарыхына эволюциялык экскурс жасалып, инклюзивдик билим берүүнүн принциптерин, аспекттерин, философиясын, инклюзивдик билим берүүнүн Кыргыз Республикасында жана башка мамлекеттерде өнүгүү тенденцияларын, инклюзивдик компетенттүүлүк

түшүнүгүнүн маңызын, маанисин изилдөөгө арналган илимий эмгектердин философиялык, педагогикалык маңызы ачылып берилет.

Жалпысынан, биринчи бап изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздерин аныктап алууга багытталгандыгы диссертацияга КР ЖАК тарабынан коюлган жалпы талаптарга ылайык келет.

Диссертациянын экинчи бабы **«Жалпы билим берүү уюмдарынын педагогдорунун инклюзивдик компетенттүүлүгүн калыптандыруусун изилдеген илимий методдор жана материалдар»** деп аталып, анда изилдөөнүн объектисине ылайык анын материалдары жана методдору көрсөтүлөт. З.Б. Джапарованын изилдөөсү сапаттык, б.а., чечмелөөгө жана түшүнүүгө багытталган жана сандык, б.а., эсептөө жана өлчөөгө багытталган изилдөө моделдеринин айкалышынан турат, муну албетте, колдоого алууга болот. Моделдештирүү методу аркылуу илимий жактан жеке өзүнүн илимий табылгасы катары ал инклюзивдик компетенттүүлүгүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу максатында педагогикалык моделин иштеп чыккан, ал моделди толук колдоого мүмкүн.

Диссертациянын үчүнчү бабы **«Педагогикалык эксперимент жана аны уюштуруу, өткөрүү, талдоо жана жалпылоо»** деп аталат. Бул баптын эксперименттери, анын жүрүшү, этаптарынын байланыштары жана алардан алган натыйжалары логикалык ыраатуулукту сактоо менен берилген. Мында басымдуу учурда автордун өз сунуштарын практикага киргизүү процессин иште чагылдыруусуна өзгөчө маани берилет.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык баалуулугу** эмгекте методологиялык таянычтарга негизденүү педагогикалык-психологиялык, илимий-методикалык адабияттарды теориялык талдоонун негизинде инклюзивдик билим берүүнүн философиясы, принциптери жана өнүгүү этаптары, «инклюзивдик компетенттүүлүк» түшүнүгүнүн маңызы ачыкталган; жалпы билим берүү уюмдарынын педагогдорунун инклюзивдик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык модели, шарттары жана чен-өлчөмдөрүн аныкталган; педагогдордун инклюзивдик компетенттүүлүгүн калыптандыруудагы

педагогикалык моделдин жана шарттардын натыйжалуулугун аныктоо боюнча экспериментте текшерилип жана тийиштүү практикалык сунуштар берилген.

**Диссертациялык иштин жыйынтыктарынын негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгү.**

1. Инклюзивдик билим берүүнүн философиясын, принциптерин жана өнүгүү этаптарын аныктоо, «инклюзивдик компетенттүүлүк» түшүнүгүнүн маңызы ачыкталышында.

2. Педагогдордун инклюзивдик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык моделин, шарттарын жана чен-өлчөмдөрүн аныктоо жана изилдөө ыкмаларынын такталышында.

3.Диссертанттын теориялык ойлору, сунуштары педагогикалык экспериментте сынактан өткөрүлгөндүгүндө.

4. Изилдөөдөгү алдыга коюлган максат, милдеттерге шайкеш методдорду колдонуу, тажрыйба-эксперимент иштери, эксперименттин жүрүшүндө алынган маалыматтарды ар тараптан талданышында.

**Диссертациянын негизги жоболору, жыйынтыктары**12 илимий макалада (анын ичинен 2 чет өлкөдө РИНЦ макамындагы журналдарда) жарыяланган. Автордун илимий илимий-методикалык эмгектери изилдөөнүн негизинде жазылган жана практикалык баалуулукка ээ.

**Авторефераттын** мазмуну, түзүмү диссертациялык иштин мазмунуна, түзүмүнө туура келип, теманын актуалдуулугу, илимий жаңылыгынын жыйынтыгы, практикалык баалуулугу жана жалпылоосу негизинен толук ачылган. Жалпы билим берүү уюмдарынын педагогдорунун инклюзивдик компетенттүүлүгүн калыптандыруу теориялык-практикалык багытта аныкталып, туура методологиялык негизде изилденип, педагогдордун аталган компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары диссертациялык эмгектин мазмунунда жана анын негизинде жазылган авторефератта бирдей тартипте ачылган жана диссертация менен авторефераттын логикалык байланышы сакталган.

**Диссертациялык иште кездешкен айрым бир мүчүлүштүктөр жана биздин сунуштар** төмөнкүлөр менен байланыштуу:

1. Диссертацияда билим алууда атайын муктаждыктары бар балдардын категориялары боюнча психофизиологиялык өзгөчөлүктөрү тиркеме катары берилген шартта педагогдор өз ишмердүүлүгүндө пайдаланышмак.

2. Жалпы билим берүү уюмдарынын педагогдорунун инклюзивдик компетенттүүлүгүн баалоо чен-өлчөмдөрү деңгээлдин көрсөткүчтөрү упай менен: жогорку деңгээл – 60 упайдан жогору; орто деңгээл – 30 упайдан жогору; төмөнкү деңгээл – 30 упайдан төмөн – дегенди кайсы критерийге таянып сунушталганы так көрсөтүлсө далилдүү болмок?

3. Диссертациялык иштин 117-бетинде педагогикалык экспериментке катышкан мектептердеги педагогдордун саны деп берилген 11-таблицада башталгыч класстардын педагогдору, ортоңку звенонун педагогдору, жогорку класстардын педагогдорунун саны берилген. бирок, педагогдордун предметтик өзгөчөлүгүнө жараша адаптивдик программалар тууралуу маалыматтар, алардын инклюзивдик компетенттүүлүгүн жогорулаткандыгы тууралуу маалымат толук ачылмак.

Биз тараптан белгилеген мүчүлүштүктөр жана сунуштар диссертациянын жалпы деңгээлине таасирин тийгизе албайт. Пикирлер сунуш үчүн гана айтылды.

**Жалпысынан, Джапарова Замира Бердибековнанын** «Жалпы билим берүү уюмдарынын педагогдорунун инклюзивдик компетенттүүлүгүн калыптандыруудагы педагогикалык шарттар»дегентемадагы 13.00.01 – жалпыпедагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы жана анын негизинде жазылган автореферати Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндөгү жобосунун» 10-пунктуна ылайык актуалдуу темада жазылган, жеке өзү тарабынан аткарылган жана бүткөрүлгөн илимий иш болуп эсептелет. Изденүүчү З.Б. Джапарова 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча

педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга карата ачык коргоого сунуштайм.

**Расмий оппонент,**
С. Нааматов атындагы
Нарын мамлекеттик университетинин
педагогика жана окутуунун технологиялары
кафедрасынын доцентинин м.а.,
педагогика илимдеринин кандидаты Г.А. Касымова

Г.А. Касымованын колунун аныктыгын тастыктаймын.

С.Нааматов ат. НМУ кадрлар
бөлүмүнүн башчысы А.Акматалиева